**КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ**
**жана**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ АКАДЕМИЯСЫ ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА КЫЗМАТТАШТЫК КЕЛИШИМИ**

## МАКСАТ
### 1-БЕРЕНЕ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети жана Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы бул Келишимдин алкагында эки университеттин ортосундагы өз ара кызматташуу жана тыгыз байланышты өркүндөтүү максатында таалим–тарбия жана билим берүү тармагында төмөндөгү чечимдерди кабыл алышты.

## ТАРАПТАР
### 2-БЕРЕНЕ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети жана Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы бул келишимдин Тараптары болуп саналат.

## МАЗМУНУ
### 3-БЕРЕНЕ

Тараптар эки университеттин окутуучуларын, изденүүчүлөрүн, изилдөөчүлөрүн, студенттерди, магистранттарды жана аспиранттарды алмашуу боюнча иш жүргүзүшөт.

### 4-БЕРЕНЕ

Тараптар илимий байланыштарды чыңдоо максатында орток изилдөө проблемаларын аныктоо менен бул проблемаларга багытталган долбоорлорду даярдап, ишке ашырышат.

### 5-БЕРЕНЕ

Тараптар өткөрө турган тарбия-таалим, илимий жана маданий иш-чаралары (илимий-практикалык конференция, симпозиум, тегерек стол, спорттук семинар, студенттик олимпиадалар, мелдештер ж.б.у.с.) жөнүндө маалымат менен алмашып турушат жана бул өңдүү иш-чараларды биргелешип уюштурушат.

### 6-БЕРЕНЕ

Тараптар эл аралык байланыштар жана кызматташуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө бири-бирин маалымдашат жана бул мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланууда бири-бирине көмөк көрсөтүшөт.

### 7-БЕРЕНЕ

Тараптар илимий монография, аналитикалык билдирүүлөр, методикалык, периодикалык жана башка түрдүү басылмалар, электрондук булактар менен алмашып турушат.

**8-БЕРЕНЕ**

Тараптар дене тарбия жана спорт жаатындагы акыркы өзгөрүүлөр жана өнүгүүлөрдү бири бири менен бөлүшүүгө милдеттенишет.

**9-БЕРЕНЕ**

Бул келишимдин алкагындагы программаны ишке ашыруу этаптарында Тараптар тарабынан ар бир программа үчүн өзүнчө келишимдер түзүлөт. Бул келишимдеги иш чаралар боюнча атайын программалар түзүлүп, аны ишке ашыруу максатында керектүү документтердин болушу зарыл.

**10-БЕРЕНЕ**

Келишимдин алкагындагы иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөгөн ар бир Тараптан жооптуу жетекчилер бекитилип, илимий-экономикалык талаптарга туура келиши зарыл. Долбоорго катышкан илимпоздордун илимий укугу чектелбестен, орток изилдөөлөрдүн жыйынтыгы эки тараптан тең биргелешип, адилеттүү жүргүзүлүшү керек.

**11-БЕРЕНЕ**

Бул Келишим кыргыз жана түрк тилдеринде 2 (эки) нускада даярдалып, эки мекеменин жетекчилери тарабынан кол коюлган күндөн баштап өз күчүнө кирет. Тараптар бири-бирине 6 (алты) ай мурун жазуу жүзүндө билдирүү менен бул келишимди жокко чыгара алышат.

Келишимдин алкагында башталган иш-чараларга келишим күчүн жоготкон учурда деле бул иш-чаралар аягына чейин чыккыча жооптуулар жоопкерчилигин өз мойнуна алат.

**ИШКЕ АШЫРУУ**

**12-БЕРЕНЕ**

Бул келишимдин аткарылышына Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректорлугу жана Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын ректору жооптуу болуп саналат.

Күнү: 19/10/ 2021

| Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин атынан | | Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын атынан |
|---|---|---|
| **Проф., докт.Асылбек Кулмырзаев**<br>Биринчи проректор | **Проф., докт. Алпаслан Жейлан**<br>Ректор | **Доц., докт. Саитдин Азизбаев**<br>Ректор |

# KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ
# ile
# KIRGIZ DEVLET BEDEN EĞİTİMİ VE SPOR AKADEMİSİ
# ARASINDAKİ
# AKADEMİK İSBİRLİĞİ PROTOKOLÜ

## AMAÇ
## MADDE 1

Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi ve Kırgız Devlet Beden Eğitimi ve Spor Akademisi, bu Protokol kapsamında eğitim-öğretim alanlarında işbirliği geliştirmek amacıyla aşağıdaki kararları almışlardır.

## TARAFLAR
## MADDE 2

Bu Protokolün Taraflarını Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi ile Kırgız Devlet Beden Eğitimi ve Spor Akademisi oluşturmaktadırlar.

## MADDE 3

Taraflar iki üniversite arasında öğretim görevlisi, öğretim üyesi, araştırmacıları ve lisans/lisansüstü/doktora öğrencisi değişimi yaparlar.

## MADDE 4

Taraflar akademik alanda ilişkileri geliştirmek amacıyla ortak bilimsel araştırma meselelerini belirleyerek bu meselelere yönelik projeleri geliştirir ve yürütürler.

## MADDE 5

Taraflar yapacakları sportif, bilimsel ve kültürel (konferans, sempozyum, panel, seminer, öğrenci olimpiyatları v.b.) etkinliklerden birbirlerini haberdar ederler ve ortak düzenlerler.

## MADDE 6

Taraflar uluslararası ilişkiler ve işbirliği imkânlarından birbirlerini haberdar eder ve bu imkânlardan birbirlerinin yararlanmasına yardımcı olurlar.

## MADDE 7

Taraflar bilimsel monografi, analitik bildiri, süreli ve süresiz yayınlar ile elektronik kaynaklarından karşılıklı paylaşırlar.

## MADDE 8

Taraflar beden eğitimi ve spor alanındaki yapılanmalar ve gelişmelerde işbirliği yapmayı taahüt ederler.

**MADDE 9**

Bu Protokol ön gördüğü programları uygulama aşamalarında Taraflarca her bir program için anlaşmalar yapılır. Bu Protokoldeki faaliyetlerle ilgili özel programlar geliştirilir ve onları gerçekleştirmek üzere gerekli belgeler hazırlanması zorunludur.

**MADDE 10**

Bu Protokolde öngörülen faaliyetlerinin gerçekleştirilmesini takip etmek üzere her iki Taraftan Sorumlu Temsilci seçilir ve bilimsel-ekonomi şartlara uyulması zorunludur. Projelere katılacak bilim adamlarının fikri mülkiyet hakları korunarak ortak bilimsel araştırmaların sonuçlarından her iki Taraf adaletli bir şekilde yararlanırlar.

**MADDE 11**

Bu Protokol, 2 (iki) nüsha halinde Kırgızca ve Türkçe düzenlenmiş olup, her iki üniversitenin yönetimince imzalandıktan sonra yürürlüğe girecektir. Taraflar biri birine en az 6 (altı) ay önce yazılı olarak bildirerek bu protokolü fesih edebilirler.

Bu protokolün sona erdirilmesi durumunda, başlamış ve devam etmekte olan programlar ve faaliyetlerin tamamlanmasından Tarafların yetkilileri sorumlu olacaklardır.

**YÜRÜTME**

**MADDE 12**

Bu Protokolü Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Rektörlüğü ile Kırgız Devlet Beden Eğitimi ve Spor Akademisi Rektörü yürütürler.

Tarih: 19./10./ 2021

| Kırgızistan–Türkiye Manas Üniversitesi adına, | | Kırgız Devlet Beden Eğitimi ve Spor Akademisi adına, |
| --- | --- | --- |
| **Prof. Dr. Asılbek KULMIRZAYEV**<br>Rektör Vekili | **Prof.Dr. Alpaslan CEYLAN**<br>Rektör | **Doç. Dr. Saidtin AZİZBAEV**<br>Rektör |